Мен сейил кылдырылган исра-мираж түнү Ибрахимге жолуктум. Ал мага: Оо, Мухаммед, үммөтүңө менден салам айт. Аларга айтып кой, бейиштин топурагы борпоң, суусу (тузсуз) таза

Ибн Масуд (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мен сейил кылдырылган исра-мираж түнү Ибрахимге жолуктум. Ал мага: Оо, Мухаммед, үммөтүңө менден салам айт. Аларга айтып кой, бейиштин топурагы борпоң, суусу (тузсуз) таза, жери кенен. Анын көчөтү "Субханаллах, валхамду лиллаах, ва лаа илааха иллаллааху валлааху акбар".

[Хасан бишаваахидихи (башка жакшы айтымдары бар хадис)] [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

Мухаммед пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ибрахим пайгамбар менен Исра жана Мираж түнүндө жолукканын кабарлайт. Ибрахим ага: «Оо, Мухаммад, үммөтүңө менден салам айт жана аларга бейиштин топурагы борпоң, суусу таттуу, тузсуз экенин билдир. Бейиш кең, тегиз, бирок азырынча бак-дараксыз, анын өсүмдүктөрү жакшы сөздөр. Булар түбөлүк сооптуу иштер болуп кала турган сөздөр: «Субханаллах» (Аллах аруу), «Алхамдулиллах» (Аллахка мактоолор болсун), «Лаа илааха иллаллох» (Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок), «Аллаху Акбар» (Аллах Улук). Мусулман адам бул сөздөрдү айткан жана кайталаган сайын бейиште ага бак тигилет».

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3791